# Супермаркетте



Автор: Бурул Асакеева

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Супермаркетте

Автор: Бурул Асакеева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/Licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.
Төмөндө көрсөтүлгон учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Супермаркетте" (кыргыз тилинде), Автор: Бурул Асакеева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.
Мукаба бет jcomp, © 2021 https://www.freepik.com. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.https://www.freepik.com/freephoto/closeupdetailwomanshoppingsupermarket_5519345.htm#page=2&query=supermarket&position=28. 4-бет Ccipeggy, © 2021 https://pixabay.com. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. Aleksey, © 2021 https://www.flickr.com. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. https://www.flickr.com/photos/96173142@N05/9414084916/in/photoist-fkTDsU-fkDub2-2ifj4uS-GswjxW-QxpF5e-5PN2wK-2ifj4u6-k6LQ1D2ifgC6X2coMtKNoCpRioQkohtComf6jfPz3Qd92b5tH1F2iAwyW3CnRWEZ2iNxL7A2iNzuQL2iNzuqC2iNxMiU2iNxKRa2iAtUDCNGWJrp2iAtUVV2b5tF9K2b5tDUR2iAxTCq2coMtW929GB8Sq2b5tJqKQkoheu29GB84SQkogdS2bnbb6q29GB9nd-2b5tJSg-Q8cpCj-2b5tEeZ-Cw1rYQ-2b5tE7V-2b5tFmi-NGWJHM-2iAxTzV-NGWG1x-Qkofph-2coMrvs-2b5tEZg-2bnbaWC-2iAxTFG. 5 бет Photosforyou/4092,Marco-Pomella/36 images,droberson/15 images,Arienunezg,Baiyebao,Victoria_Borodinova/5399 ,Spuirret_photos/738 images, © 2021 https://pixabay.com/ru. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. 6-бет ArtTower/7686, © 2021 https://pixabay.com/. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. 7 бет Droverson/15 images, © 2021 https://pixabay.com/ru. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. Stocksnap, © 2021 https://pixabay.com/ru/. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат. Baiyebao, © 2021 https://pixabay.com. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Эрмек экөөбүз бир класста окуйбуз. Кошуна турабыз.
Анын үйүнө ойногону бардым.

Эрмек үй ичин жыйнап жатыптыр.

– Азыр бүтө коёюн, анан чыгам.

– Эрмек, үйдүн ичин сен жыйнайсыңбы?

– Апам иштен келгенче үйдү тазалап, жыйнап коём. Анткени жумуштан чарчап келет да.


– Сен азамат экенсиң. Мен антпейм.


– Сен да жардам берсең, апаң сөзсүз кубанат, – деди Эрмек.



Экөөбүз көчөгө чыгып, балдар менен ойнодук.

Бир убакта Эрмектин апасы келди. Ал Эрмек экөөбүздү жаңы ачылган чоң супермаркетке ээрчитип барды.








Супермаркетте баары бар экен. Аябай чоң. Сол тарабында конфет, печенье, шоколад тизилет. Чет жагында жашылча, жер-жемиштер коюлуптур.

Биз дүкөндүн ичин аралап көпкө чейин жүрдүк. Музыка жаңырып турат.




Оюн аянтчасы да бар экен. Анда балдар ойноп жатышыптыр.

Ошол эле кабатта велосипед, түрдүү оюнчуктар тизилип турат. Анын бери жагында толтура идиш-аяк. Үйгө керектүү майда-барат буюмдар ирети менен коюлган.





Бизге супермаркет абдан жакты.

Эрмектин апасы жашылча, жер-жемиштерди алып, кол арабага салып койду. Биз арабаны ары-бери түртүп жүрдүк.











Апасы товарлардын баасын карап, жарамдуулук мөөнөтүн текшерип жатты. Эрмек экөөбүз оозеки эсептеп бараттык.

– Апа, алма 80 сом, банан 75 сом, бир баштык пияз 60 сом, тандыр нандан экөө 50 сом. Ошондо бардыгы 265 сом болду. Дагы эмне алабыз? – деди эки жакты карап Эрмек.

– Экөөңөргө эки шоколад алалы, – деди апасы.

– 65 сомдон 130 сом болот экен, – деп жарыша айттык. Аны да кошуп койдук. 395 сом болду.

– Азаматтар, экөөң тең жакшы эсептейт экенсиңер, – деп мактады апасы.



Кассага келдик.

Биздин алдыбызда бир чоң эне алган тамак-ашын эсептетип жаткан экен. Анын акчасы жетпей калды. Эт, күрүч, чай, туз алыптыр.

Чоң эне оңтойсузданып калды.

– Анда күрүчтү албай эле коёюн, – деди ал.

Кассир унчукпай күрүчтү алып койду.



– Чоң эне, күрүчтүн акчасын мен төлөп коём, ала бериңиз, – деди Эрмектин апасы.

Кассага төлөп, күрүчтү чоң эненин сумкасына салып берди. Чоң эне алкыш айтып, сыртка жөнөдү.

Мен болсом Эрмектин апасынын чоң энеге болгон мамилесине, жардамына аябай кубандым.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Бурул Асакеева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Колдонулган иллюстрациялар
www.freepik.com ,www.pixabay.com ,
www.flickr.com сайттарынан алынган.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли